2019-2020

Катышуучунун коду
Код участника

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги

Министерство образования и науки Кыргызской Республики

БИЛИМДИ БААЛОО ЖАНА ОКУТУУ УСУЛДАРЫ БОРБОРУ
ЦЕНТР ОЦЕНКИ В ОБРАЗОВАНИИ И МЕТОДОВ ОБУЧЕНИЯ
CENTER FOR EDUCATIONAL ASSESSMENT AND TEACHING METHODS

Республикалык олимпиаданын II этабы

II этап Республиканской олимпиады

# Тарых История

**2-күн / 2 день**

| | | | |
|---|---|---|---|
| Фамилиясы/ Фамилия | | Аты/Имя | |
| Атасынын аты/ Отчество | | | |
| Мектеби/Школа | | Айылы/ Село | |
| Району/Район | | Шаары/ Город | |
| Облусу/Область | | | |
| Телефону/ Телефон | | | |
| Мугалими жөнүндө маалымат/ Сведения об учителе | | | |
| Мугалиминин ФАА/ ФИО учителя | | | |

Упайы
Баллы

Катышуучунун коду
Код участника

**Нускама**

**Тарых боюнча олимпиаданын экинчи туру – теориялык тур.**

Экинчи турда катышуучуларга төмөнкү типтеги тапшырмалар берилет:

1. Бир нече туура жообу бар тесттик суроо;
2. Ар кайсы өлкөлөрдүн саясат жана маданият ишмерлерин замандаштар катары салыштырууга багытталган суроо;
3. Маалыматтардын эки катарын дал келтирүүгө жана алардын тизмектелүү принцибин аныктоого багытталган тапшырмалар (эмне үчүн бул объекттер, окуялар же инсандар бири-бири менен салыштырылган же бири-бирине карама-каршы коюлган);
4. Хронологиялык ырааттуулуктар. Катышуучуга бир нече окуяны хронологиялык тартипте жайгаштыруу тапшырмасы берилет;
5. Бош жерлери бар текст (даталар, тарыхый инсандар ж.б.).

1. Байыркы Римде жылдардын эсебин б.з.ч. 753-жылы Римдин негизделишинен башташкан; христиандар дүйнөсүндө жыл эсептөөнүн баштапкы чекити катары Христостун туулган датасы – б.з. 1-жылы кабыл алынып келет; арабдар мусулман календарын хижра мезгилинде – 622-жылы, жүргүзүп башташкан.

Жогорудагы календарларды колдонуп, төмөнкүлөрдү аныктагыла:

А) Римдин түптөлүшүнөн баштап канчанчы жылы Рим империясы Батыш жана Чыгыш деп экиге бөлүнгөн?

______________________________________________________________________

Б) Мусулман календары боюнча, түрктөрдүн соккулары астында Константинополь канчанчы жылы кулаган?

______________________________________________________________________

В) Мусулман календары боюнча, 474-жылы жазылган кайсы окуя Чыгыштагы мусулман мамлекеттеринин да, Европанын христиан мамлекеттеринин да тарыхы үчүн маанилүү болгон?

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

2. Төмөнкү таблицаларды толтуруп, окуяларды хронологиялык тартипте жайгаштыргыла. Тандаган тамгаларды тийиштүү цифралардын астына жазгыла.

I) *Кыргызстан тарыхы*

А) Улуу Түрк кагандыгынын негизделиши

Б) Уйгур кагандыгынын борбор калаасынын кыргыздар тарабынан алынышы

В) Дарий Iнин сактарга каршы жортуулу

Г) Баткак салгылашуусу

Д) Исламдын караханиддер тарабынан мамлекеттик дин катары кабыл алынышы

| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |

II) *Дүйнөлүк тарых*

А) Улуу Карлдын империясынын түптөлүшү

Б) Батыш Рим империясынын кулашы

В) Англияда парламенттик монархиянын орношу

Г) Европада китеп басуунун башталышы

Д) Индияда Улуу Моголдор мамлекетинин түптөлүшү

| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |

3. Кыргызстан тарыхында жана жалпы тарыхта бир кылымдын ичинде болуп өткөн окуяларды дал келтиргиле.

Тандаган цифраларды төмөндө берилген таблицадагы тийиштүү тамгалардын астына жазгыла.

| | |
|---|---|
| А) Караханиддер кагандыгынын түптөлүшү | 1) Жүз жылдык согуштун башталышы |
| Б) Сактар менен усундардын салгылашуусу | 2) АКШда Түндүк менен Түштүктүн согушу |
| В) Анжыян көтөрүлүшү | 3) Улуу Француз буржуазиялык-демократиялык революциясы |
| Г) Кыргыздардын Россияга биринчи элчилиги | 4) Киев Русунда христианчылыктын кабыл алынышы |
| Д) Тоглук-Тимурдун башкаруусу | 5) Римдиктер тарабынан Карфагендин талкаланышы |

| А | Б | В | Г | Д |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |

4. Катарда берилген адамдарды тарыхый жактан эмне бириктирип тургандыгын жана аталгандардын арасынан кимиси ашыкча экенин жана эмнеге ашыкча экенин түшүндүрүп бергиле:

Иоганн Гутенберг, Франциск Скорина, Иван Федоров, Исаак Ньютон

А) Аларды эмне бириктирип турат:

___

___

___

Б) Кимдин аты ашыкча жана эмнеге:

___

___

___

5. Бир кылым ичинде жашап, бири-бирине замандаш болгон тарыхый инсандардын жуптарын түзгүлө. Тандаган цифраларды төмөндө берилген таблицадагы тийиштүү тамгалардын астына жазгыла.

| | |
|---|---|
| А) Аристотель | 1) Атаке бий |
| Б) Александр Невский | 2) Батый |
| В) Барсбек | 3) Турдакун Усубалиев |
| Г) Жорж Вашингтон | 4) Александр Македонский |
| Д) Александр II | 5) Англиялык Елизавета I |
| Е) Леонид Брежнев | 6) Улуу Карл |
| Ж) Каардуу (Грозный) Иван IV | 7) Боромбай бий |

| А | Б | В | Г | Д | Е | Ж |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | |

6. Адамзаттын эң көрүнүктүү жаратуулары Дүйнө кереметтери деп аталган. Дүйнө кереметтеринин алгачкы тизмеси байыркы доордо эле түзүлгөн.

А) Байыркы дүйнөнүн кайсы эстеликтери бул тизмеге киргизилгендигин көрсөткүлө:

1. Египет пирамидалары
2. Афинадагы Парфенон
3. Олимптеги Зевс айкели
4. Семирамиданын асма бактары
5. Галикарнастагы мавзолей
6. Александрия маягы
7. Родос Колоссу
8. Троя
9. Эфес Артемидасынын ибадатканасы
10. Римдеги Колизей
11. Миң Будда ибадатканасы
12. Улуу Кытай сепили

Б) Дүйнөнүн кайсы бөлүгүндө эң көп байыркы дүйнө кереметти жайгашкан?

1. Африкада
2. Америкада
3. Азияда
4. Европада

В) Байыркы дүйнө кереметтеринин кайсынысы бүгүнкү күнгө чейин сакталып калган?

_______________________________________________________________________________

7. Текстти окуп чыккыла. Текстте иреттик номер менен белгиленип, бош калтырылган жерлерге аталыштарды, сөздөрдү, ысымдарды жазгыла. Керек болгон учурда кашаанын ичинде жазылышы керек болгон маалыматтын мүнөзү тууралуу түшүндүрмөлөр берилген.

1941-1945-жж. Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында Кыргызстан фронттон алыс болгон, бирок, башка бардык СССР республикалары сыяктуу эле, Кыргызстандын жеңишке кошкон салымы чоң болгон.

Кыргызстандан фронтко ***1)***________________________ *(сан)* киши кеткен. Кыргызстандыктар Улуу Ата Мекендик согуштун бардык фронтунда салгылашкан. ***2)***_________________________*(сан)* кишиге Советтер Союзунун Баатыры деген наам ыйгарылган. Алардын ичинен:

***3)***____________________________________________
***4)***____________________________________________
***5)***____________________________________________
***6)***____________________________________________
***7)***____________________________________________

*(Советтер Союзунун Баатыры деген наам алган беш кыргызстандыктын атын атагыла жана алардын эрдиктери тууралуу кыскача маалымат бергиле)*

***8)***_________________________ *(сан)* кишиге Даңк орденинин толук кавалери деген наам ыйгарылган.

Кыргызстанга фронтко жакын аймактардан өнөр жай ишканалары эвакуацияланган. Бардыгы болуп ***9)***____________________________________*(сан)* ишкана эвакуацияланган.

Ошондой эле, Кыргызстанга төмөнкүлөр да эвакуацияланган:

***10)***___________________________________________________
***11)***______________________ *(Кыргызстанга дагы кандай мекемелер эвакуацияланганын жазгыла).*

Согуш жылдарында Кыргызстанда фронт жана негизи эле согуш муктаждыктары үчүн кант кызылчасын өстүрүшкөн. Кыргызстандык Советтер Союзунун Баатыры ***12)***_____________________________________*(ысым)* аялы кызылчанын рекорддук түшүмүн жыйнап, Эмгек Кызыл Туу Ордени, Ленин Ордени менен сыйланган, 1957-жылы ***13)***__________________________________________*(ысым)* Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам ыйгарылган.